DOI:10.26104/IVK.2023.45.557



*Акматов К.К., Мамырова А.Ю.*

# «АДАБИЙ КӨРКӨМ ТЕКСТ» ТҮШҮНҮГҮНҮН ТЕОРИЯЛЫК НЕГИЗДЕРИ

*Акматов К.К., Мамырова А.Ю.*

# ТЕОРЕТИЧЕСКИЕ ОСНОВЫ ПОНЯТИЯ «ЛИТЕРАТУРНО-ХУДОЖЕСТВЕННЫЙ ТЕКСТ»

*K. Aktatov, A. Matyrova*

# THEORETICAL FOUNDATIONS OF THE CONCEPT «LITERARY AND ARTISTIC TEXT»

*УДК: 3;37;373;373.3;82;82.0*

*Адабияттагы, адабиятты окутуудагы эң негизги түшүнүктүн бири – көркөм текст түшүнүгү. Бул макала адабий көркөм тексттин табияты, ага берилген аныктамалар айтылып, тексттин ар кандай түрлөрү классификацияланат. Адабий көркөм текст – окуучулардын чыгармачылыгын өркүндөтүүдө негизги каражаттардын бири. Текстти талдоо мугалим менен окуучунун ишмердүүлүгүнүн борборунда турат. Башталгыч класстарда окуучулардын чыгармачылык компетенттүүлүктөрүн калыптандырууга өзгөчө басым жасоо маанилүү. Адабий окуу предметин окутуунун максаты – «окуу материалдарын теориялык жактан үйрөнүү менен практикалык жактан сүйлөө, жазуу, ой жүгүртүү көндүмдөрүн калыптандыруунун ортосундагы оптималдуу тең салмактуулукту камсыз кылууга негизделгендиги» менен түшүндүрүлүп, ал эми анын милдеттеринин бири – «окуучулардын кеп ишмердүүлүгүнүн бардык түрлөрүн өздөштүрүүсү жана аларды түрдүү чөйрөдө туура колдоно билүүсү» экендиги айтылат. Макаланын актуалдуулугу алгачкы жолу адабий текстти башталгыч класстардын адабий окуу предметинин негизинде талдоого алгандыгында. Макалада айтылган ойлор башталгыч класстын мугалимдеринин окутуу технологияларын байытууга жардам берет.*

***Негизги сөздөр:*** *адабий окуу, текст, адабий текст, көркөм текст, чыгармачылык компетенттүүлүк, окуу, түшүнүү, башталгыч класс.*

*Одним из важнейших понятий в литературе и литературоведении является понятие художественного текста. В данной статье мы попытались описать сущность литературно-художественного текста, его определения, а также проклассифицировать различные виды текста. Мы считаем, что художественный текст может являться одним из основных средств совершенствования творчества учащихся, так как в центре деятельности учителя и ученика находится анализ текста. Важно особое акцентирование внимания на формирование творческих компетенций учащихся начальных классов. Поясняется, что цель обучения литературоведению основана на обеспечении оптимального баланса между теоретическим усвоением учебного материала и формированием навыков устной, письменной и мыслительной речи на практике, а также говорится о том, что одной из его обязанностей является освоение учащимися всеми видами речевой деятельности и уметь правильно их использовать в различных сферах. Актуальность статьи заключается в том, что впервые художественный текст был проанализирован на основе литературного чтения начальных классов. Представленные в статье мысли посодействуют обогащению и разнообразию технологии обучения учителей начальных классов.*

***Ключевые слова:*** *литературное чтение, текст, литературный текст, художественный текст, творческая компетентность, чтение, понимание, начальный класс.*

*One of the most important concepts in literature and literary studies is the concept of a literary text. In this article, we have tried to describe the gist of a literary text, its definitions, as well as to classify the different types of text. We consider that the literary text can be one of the main means to improve students' creativity, as at the center of the teacher and student's activities is analyzing of the text. It is important to pay special attention to the formation of creative competencies of primary school students. It is explained that the goal of teaching literary criticism is based on ensuring an optimal balance between the theoretical assimilation of educational material and the formation of oral, written and mental speech skills in practice, and it is also said that one of his duties is to master all types of speech activity by students and be able to correctly use in various fields. The relevance of the article is that, the literary text was analyzed for the first time based on primary school's literature reading. The ideas presented in the article will contribute to the enrichment and diversity of the primary schools' teachers' teaching technology.*

***Key words:*** *literary reading, text, literary text, artistic text, creative competence, reading, understanding, elementary school.*

Азыркы доордо адамзаттын тарыхый өнүгүшү өтө көп кырдуу жана татаал фазага келди, ал фаза билим берүү уюмдарына индивидуалдуу ой жүгүртүүсү өнүккөн, ар кандай көрүнүшкө чыгармачыл мамиле жасаган личносторду даярдоону талап кылат. Ушундай шартта Кыргыз Республикасы да саясый, экономикалык, маданий жактан реформаларды ыкчам жүргүзүп жаткан суверендүү мамлекет катары дүйнөлүк билим мейкиндигине интеграцияланган стандарттарды кабыл алууга умтулуп, аларга ылайык башталгыч класс окуучуларынын адабий билим алуусунда балдардын интеллектуалдуу жана чыгармачыл мүмкүнчүлүгүн өнүктүрүүгө шарттарды түзүүчү платформаларды издөөдө. «Башталгыч класстардагы кыргыз тил жана окуу боюнча предметтик стандартында» [1] 1-4-класстарда окуучулардын чыгармачылык компетенттүүлүктөрүн калыптандырууга өзгөчө басым жасалат, бул предметти окутуунун максаты – «окуу материалдарын теориялык жактан үйрөнүү менен практикалык жактан сүйлөө, жазуу, ой жүгүртүү көндүмдөрүн калыптандыруунун ортосундагы оптималдуу тең салмактуулукту камсыз кылууга негизделгенди» менен түшүндүрүлүп, ал эми анын милдеттеринин бири – «окуучулардын кеп ишмердүүлүгүнүн бардык түрлөрүн өздөштүрүүсү жана аларды түрдүү чөйрөдө туура колдоно билүүсү» экендиги айтылат.

DOI:10.26104/IVK.2023.45.557



Адабий көркөм текст менен иштөө процесси ошол тексти окуу, түшүнүү жана талдоо баскычтарынан туруп, окуу ишмердүүлүгү менен чыгармачылык ишмердүүлүк биримдикте келип, окуучулардын индивидуалдуу жөндөмдүүлүктөрүн, дүйнөнү жана адамды таанып билүү аракеттерин активдештирип, адабий чыгарманы окууга кызыгуусун өнүктүрүүгө багытталууга тийиш. Чыгармачылык компетенттүүлүк адабий текстти окутууну окуучулардын аң-сезиминин ар тараптуулугун жана өз алдынчалыгын камсыз кылуучу илимий таанып билүү методдорунун жана каражаттарынын негизинде уюштурулат, анын натыйжасында окуучу мугалим менен жана башка окуучулар менен диалог жүргүзөт, айта турган оюн аргументтештире алат, окуу материалын анализдей жана синтездей билет, окугандарын өзүнүн жеке жашоосу жана жалпы турмуш, коом менен байланыштырууга жетишет.

Ар кандай эле жазылган кеп (макала, адабий чыгарма, үзүндүлөр) текст деп аталат. Мисалы, Чыңгыз Айтматовдун «Биринчи мугалим» повестинин тексти, окуучулардын дил баянынын тексти ж.б. Ал эми тили илиминде текст бул ич ара тутумдашкан жана белгилүү даражада аягына чыккан, жазылган жана айтылган байланыштуу кеп. Текст деген сөз латын тилинен (*textus* – биримдик; айкалыш) алынган. Тексттин теориялык аспектисин философия, адабияттаануу, тилтаануу, эстетика, информатика, математика, физика ж.б. илимдер изилдейт. Текстология, же тексттаануу деген өзүнчө илим тармагы да пайда болгон.

«Текст жазуудан жана басып чыгаруудан пайда болгон кептин чыгармасы» [2, 55-б.].

«Текст – бир нече (же көп) сүйлөмдөрдүн маанилик жана грамматикалык байланышы» [3, 40-б.].

«Маанилик жана грамматикалык жактан өз ара байланышкан жана бир бүтүндүктү түзгөн бөлүктөрү бар речтик чыгарма текст деп аталат» [4, 16-б.].

«Адабий чыгарманын, илимий эмгектин, кандайдыр бир документтин, докладдын жана башкалардын жазуусу, анын айрым үзүндүсү же бир нече сүйлөмдөрдүн байланыштуу айтылышы» [5, 156-б.].

«Тексттин маанилик бүтүндүгү тексттин мүчөлөнүшүнүн экинчи мүнөздүү белгиси болуп саналат. Ал төмөндөкүдөй негизги белгилерди камтыйт:

• текст – белгилүү бир темада сүйлөшүү, пикир алышуу;

• текстте сүйлөөчү адамдын негизги оюнун ишке ашырылышы;

• ар кандай көлөмдөгү тексттин бүткөн ойду билдириши;

• текстке теманы же айтылган негизги ойду билдирүүчү ат тандап алуу;

• тексттин демейде туура башталып, туура бүтүшү» [5, 157-б.].

Демек текст: речтик чыгарма (1); ойду билдирет (2); белгилүү бир темада болот (3); башталышы жана бүтүшү болот (4); логикалык ырааттуулук сакталат (5); оозеки жана жазуу формасында – эки формада тең боло берет (6); логикалык ырааттуулук сакталат (7); текст сөздөрдөн жана сүйлөмдөрдөн куралат (8); текстге тема (заголовка) коюуга болот (9).

Тексттин теориялык проблемалары И.Р. Гальперин, О.Л. Каменская, В.Н. Топоров, Ю.А. Сорокин, В.А. Лукин, В.Е. Чернявская ж.б. лингвисттер тарабынан изилдөөгө алынган. Кыргыз лингвисттеринен байланыштуу текст проблемасы С.Давлетовдун, Т.Ахматов менен Т.Аширбаевдин, Т.Ашибаевдин, Т.Маразыковдун, Ж.Чымановдун эмгектеринде каралган. Алардын аныктоолору боюнча текст окууга жана жазууга, жазууга жана көрүүгө, талдоого, интерпретациялоого, кайра түзүүгө (кыскартууга, узартууга), анын негизинде план түзүүгө (жөнөкөй жана татаал), өркүндөтүүгө ылайыкталган. Ошондуктан кыргыз тили, адабий окуу боюнча сабактардын негизги бөлүгү текст менен иштөөгө багытталат. Текст – окуу жана үйрөнүү материалы, текст – сабакты жүргүзүүнүн жана өркүндөтүүнүн каражаты, андыктан да окуучулардын чыгармачылык компетенттүүлүгүн өнүктүрүүнүн негизги материалы да текст болуп эсептелет.

С.Давлетовдун изилдөөлөрү боюнча текстти үйрөнүү багытындагы көнүгүүлөрү аркылуу окуучулар төмөнкүдөй ишмердүүлүккө жетишет:

- теманы, анын чегин өзү ойлоп табат;
- негизги ойду аныктай алат;
- тексттин аталышын өзү атай алат;
- материалдарды жыйнайт, системалаштырат;
- стилин, речтин тибин аныктайт;
- тил каражаттарына талдоо бере алат;
- тексттин композициясын өзү аныктайт;
- акырында кемчиликтерин өзү таап, өзү оңдойт (контролдук жазуу ишинде) [4, 32-б.].

А. Муратовдун пикири боюнча [6, 113-б.] текстти интерпретациялоо иштери мектептеги адабиятты окутууда натыйжалуу жүргүзүлсө төмөнкүлөргө жетишүүгө болот:

• теманы, анын чегин өзү ойлоп табат;

• негизги ойду аныктай алат;

• тексттин аталышын өзү атай алат;

• материалдарды жыйнайт, системалаштырат;

• стилин, речтин тибин аныктайт;

• тил каражаттарына талдоо бере алат;

• тексттин композициясын өзү аныктайт;

• тексттин эмоционалдык-экспессивдик кудурет-күчүн сезет;

• окугандарынан же уккандарынан таасирленүүгө жетишет;

• көркөм чыгармадан эстетикалык ырахат ала алат;

DOI:10.26104/IVK.2023.45.557



• тексттен тарбиялык-таалим берүүчүлүк маанини бөлүп алууга жетишет.

Андан ары методист: «...текстти интерпретациялоо процесси текстке реакция жасоочу окурмандын ар кимисинин өзүнө таандык сапатка ээ болгон нерсе болуп, аны эффективдүү жүргүзүү автордук ойду туура түшүнүүгө жардам берет, текстти аңдап билүүнүн психологиялык өзгөчөлүктөрүнүн сырларын үйрөтөт. Тексттин кандайча жасалгандыгын, анын курамы эмнелерден турарын билүү, сөздүк-маанилик контекстине сүңгүп кирүү, ички дүйнөсүн аңтарып, «кармап көрүү» – адабиятты өздөштүрүүнүн «алтын ачкычы» болуп саналат», - деп айтат да, «окуучулар орто мектепте миңдеген тексттерди окуганы менен ошол тексттеги купия маанилерге, сөз сырларына операция жасап, «колу менен кармап көрүп», дил туюмунан өткөрбөсө, анда ошол миңдеген тексттер бекер тандалган, ага кеткен убакыт текке кеткен болот [6, 113-б.]. Мына ошол миңдеген тексттерди «кармап көрүү» менен адабиятты окутуунун «алтын ачкычын» табуу адабиятты окутуу боюнча окумуштуу-методисттердин да, мугалимдердин да милдети болуп саналат, мектепте адабиятты окутуунун сапаты эң биринчи текстти талдоо менен байланышат.

Текст бир нече түрдө болот, ал ошол текст жазылган стиль менен байланыштуу.

Биринчиси, *оозеки текст.* Бул адамдын оозеки сүйлөөсүндө түзүлөт, анын өзгөчөлүгү – ал текст бир сүйлөнгөн бойдон кайра оңдолбойт, анда ар кандай эмоцияларды билдирген сөздөр көп катышат.

Экинчиси, *илимий текст, же илимий иштин тексти.* Мында бул же тигил көрүнүштү түшүндүрүү, аргументтөө үчүн бул же тигил илимдин терминдери колдонулат, кыска жазылат, текст көркөмдөлбөйт.

**Мисалы:** «Манас» эпосунун варианттарынын көп түрдүүлүгү эпостун стилдик-поэтикалык классификациясын полуфониялуу кылып көрсөтөт». Мында адабият таануу терминдери окумуштуунун оюн түшүндүрүү үчүн текстте колдонулду, мындай тексттердин көпчүлүгү ошол илимден алыс болгон кишилер үчүн түшүнүксүз болушу мүмкүн, аларды толук түшүнүү үчүн терминологиялык сөздүктөрдү пайдалануу керек болот.

*Публицистикалык стилде жазылган текст.* Бул газета-журналдарда жазылган макалаларда, очерктерде колдонулган тексттер. Алар жалпы элге түшүнүктүү болот.

*Адабий көркөм текст* – көркөм адабиятта колдонулган текст. Көркөм адабият деген көркөмдөштүрүлүп, б.а., эпитет, салыштыруу, метафора, метонимия, синекдоха, аллегория ж.б. троптун түрлөрү, көркөм сөз каражаттары колдонулуу менен түзүлгөн тексттер. Аларда сүйлөм түзүүнүн биринен кийин бири келчү ирети, нормалары, стандарттары толук сакталабербейт.

Мисалы: «Жымыңдашып жерге жакын түшүп келип, булактардын суу ичип жатат жылдыздар». Бул сүйлөмдө көркөмдүк каражаттар текстти адабий текст кылып турат, сүйлөмдүн ээси менен баяндоочтору да алмашып келе берет.

Көркөм адабий текст – бул кептин өзгөчө стили болуп, анын мүнөздүү белгилери төмөнкүлөр менен байланышат:

1. Көркөм сөз каражаттарынын колдонулушу: эпитет, метафора, салыштыруу, жандандыруу, гипербола ж.б.
2. Текстте эмоционалдуулуктун берилиши.
3. Окурмандын же угармандын эмоциясына, дилине таасир этиши.
4. Образдуулугу.
5. Элдик тилдин, анын ичинде жаргондордун, диалектилик-говордук речтин, кээ бир жеке адамдар гана колдонгон сөздөрүн, сөз айкаштардын колдоно бериши.
6. Сөз болуп жаткан көрүнүшкө, предметке автордук баа берүү.

Башталгыч класстардын адабий окуу сабагында сунуш кылынган тексттер негизинен мына ушундай адабий көркөм тексттер болуп саналат. Биз бул эмгекте кароочу материалдар да ошол адабий көркөм тексттер аркылуу окуучулардын чыгармачылык компетенттүүлүгүн жогорулатуу технологиялары болуп эсептелет.

**Адабияттар:**


1. Башталгыч класстардагы кыргыз тил жана окуу боюнча предметтик стандарт. - Бишкек, 2019 http://kao.kg/wp-content/uploads/2020/03/ Кыргыз-тил-жана-окуу_1-4_кырг.pdf
2. Розенталь Д.Э. Словарь-справочник лингвистических терминов [Текст] / Розенталь Д.Э., Теленкова М.А. - М., 1985.
3. Ладыженская Т.А. Русский язык [Текст] / Ладыженская Т.А., Баранов М.Т., Григорян Л.Т., Кулибаба И.И., Тростенцева Л.А. - М., 1986.
4. Давлетов С. Байланыштуу речь [Текст] / С.Давлетов. - Б.: 1999.
5. Үсөналиев С. Кыргыз тилинин справочниги. 5-бас. [Текст] / Үсөналиев С., Иманалиев С. - Б., 2004.
6. Муратов А. Кыргыз адабиятын окутуу: теориясы жана практикасы [Текст] / А.Муратов. - Б., 2013.
7. Акматов Б.М. Адабият боюнча кесиптик билим берүүдө компетенттүүлүккө негиздеп окутуунун кыргызстандагы жана россиядагы абалы. Наука, новые технологии и инновации Кыргызстана. 2014. №. 4. С. 273-275.